| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
|---|---|
| | БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫ |
| | ДП 49 – 06 |

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
И.Раззаков ат.КМТУнун
Окумуштуулар кеңеши
Протокол № 10
«21» «06» 2023- ж.

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков ат.КМТУнун ректору,
М.К.Чыныбаев
Буйрук № 
«22» « » 2023 -ж.

**И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУнун**
**ТЕРМИНОЛОГИЯ КОМИССИЯСЫ БОЮНЧА**
**ЖОБОСУ**

**Бишкек, 2023**

## ӨЗГӨРТҮҮ БАРАГЫ

| Версиянын № | Өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун же абзацтын номери | КМТУнун Окумуштуулар Кеңешинин протоколу жана датасы |
|---|---|---|
| 1 | | Пр.№11 21.06.2023 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

1.1. И.Раззаков атындагы КМТУнун терминология боюнча комиссиянын (мындан ары-Терминком) жобосу мамлекеттик, коомдук-маданий, саясий жана экономикалык жашоо-турмушка, илимдин жана техниканын түрдүү тармактарына тиешелүү кыргыз тилинин терминдерин иштеп чыгууда, бир калыпка келтирүү жана бекитүү боюнча иш жүргүзүүдө, бекитилген терминдердин бирдей жазылышына көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырган илимий-консультациялык кеңеш берүүчү орган болуп саналат.

1.2. Комиссия өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын көрсөтмөлөрүн, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

## 2. Комиссиянын негизги милдеттери

2.1. Комиссиянын негизги милдеттери экономика, техника жана илимдин башка тармактары боюнча терминдерди кыргыз тилинин адабий ченемдерине ылайык иштеп чыгууда Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссияга сунуштоо менен кабыл алынган терминдерди практикада колдонуу болуп саналат.

2.2. Университетте мамлекеттик тилде чыккан окуу китептерин, сөздүктөрдү, усулдук колдонмолорду иликтөө, талдоого алуу жана конкурска мыкты деп эсептелгендерди сунуштоо

2.3. Комиссия төмөнкүдөй функцияларды жүзөгө ашырат:

- маданий жана коомдук, саясий турмуштун түрдүү тармактары боюнча илимий жана техникалык терминологияны тартипке келтирүүдө көмөктөшөт, зарыл учурларда:
- бекитилген терминдердин жана номенклатуралардын жалпыга маалымдоо каражаттарында жана атайын сөздүктөрдө жарыяланышын уюштурат;
- мамлекеттик органдардын, мекемелердин жана уюмдардын документтеринде терминдердин туура жазылышына жана колдонулушуна сунуш берет, терминдерди бурмалап жана бузуп жазган учурларды эскертет.

## 3. Комиссиянын ишин уюштуруу

3.1. Комиссия университеттин ичинде түзүлөт, ар бир институттан шайланып келет. Курамы-9 адамдан турат. Комиссиянын курамын И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору бекитет.

3.2. Комиссия:

- Комиссиянын ишинин алкагында университеттин алкагында мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн стратегиялык маселелерин карайт;
- Комиссиянын ишинин негизги багыттарын аныктайт;
- кыргыз тилинин терминологиялык системасын өнүктүрүүдө (адистиктер боюнча) көмөк көрсөтөт.

3.3.Комиссиянын төрагасы Комиссиянын жыйындарына төрагалык кылат. Төраганын бир орун басары болот. Төрага жокто анын милдетин орун басары аткарат.

3.4. Комиссиянын төрагасы Жобонун негизинде иштейт.

3.5. Төрага:

- Комиссияга жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы жана анын ишинин натыйжасы үчүн жоопкерчилик тартат;
- Мамлекеттик тилде чыккан китептер, окуу курал, усулдук колдонмолорду сыйлыкка көрсөтөт жана китептин сапатына баа берет;
- Комиссия мүчөлөрүнүн өз ара байланышын уюштурат;
- Комиссиянын милдеттерин жана функцияларын аткаруу үчүн зарыл болгон башка аракеттерди жасайт.

3.6. Комиссиянын ишинин негизги формасы болуп Комиссиянын жыйыны саналат. Жыйын бир жылда эки жолу жүргүзүлөт.

Комиссиянын чечими жыйынга катышкан Комиссия мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана протокол менен таризделет. Добуштар тең болгон учурда төрагалык кылуучунун добушу чечүүчү болуп саналат.

Жыйындардын протоколдорун жүргүзүүнү жана тариздөөнү Комиссиянын катчысы ишке ашырат.

3.7. Комиссиянын мүчөлөрү жыйында каралуучу маселелерди талкуулоодо бирдей укукка ээ.

Комиссиянын мүчөсү жыйынга катыша албай калса өз пикирин жазуу жүзүндө берүүгө укуктуу, ал жыйында окулат жана протоколго тиркелет.

**4. Жобону өзгөртүп түзүү жана жоюу**

4.1. Терминкомдун ишмердүүлүгүн өзгөртүү, кайра түзүү жана жоюу И.Раззаков ат.КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде ишке ашырылат.

4.2. Өзгөртүп, кайра түзүлгөн учурда бардык өзгөртүүлөр уюмдун жобосуна киргизилет.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

УИБ башчысы А.Ж.Исраилов